БЕКИТЕМИН
№5 ЖББОМнин
директору ________
Ж.М.Белекова
«1» 09 2022-ж.

**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин биология кабинетинде коопсуздук эрежелердин сакталышы жөнүндө нускама**

**Жалпы коопсуздук талаптары:**

- Биология кабинетинде 5-класстан жогорку,техникалык коопсуздук эрежелер менен таанышкан бардык мугалимдер жана окуучуларга уруксат берилет.
- Биология кабинетинде иштеп жатканда окуучулар жүрүм-турум эрежелерин,сабактардын жүгүртмөсүн,тыныгуу эрежелерин сактоосу керек.
- Биология кабинетинде иштеп жатканда окуучуларга коркунучтуу жана зыяндуу факторлор:
- Электр тогу менен жабыркоо, жогорку температура.
- Техникалар ТСО,шамалдатуу системасы.
- Лабораториялык-пракктикалык тажрыйбаларды жүргүзүүдөгү химиялык заттар,биологиялык микроорганизмдер,нымдуу чөйрөдө жүргүзүлгөн тажрыйбалар.

**Биология кабинетинде төмөнкүлөргө тыюу салынат:**

- Терезелерге торлорду, пардаларды чечилбей турган күндөн коргоочу, декоративдик жана архитектуралык каражаттарды орнотууга4
- Кабинетти жылытуу максатында стандарттуу эмес (колго жасалган) жылытуучу жабдууларды колдонууга;
- Электролампаларын кагаз,кездеме жана башка күйүүчү материалдар менен жабууга;
- Бөлмөнү жарыктандырууда шамдарды,керосин лампаларын жана фонарларды колдонууга,тез күйүүчү суюктуктарды колдонуу менен бөлмөлөрдү,тетиктерди тазалоого:
- Окуучулар өз алдынча электрондук панелдик досканы розеткага кошууга жана иштетүүгө;
- Өрттүн чыгышына жана жарылууга коркунучу бар заттарды чогуу сактоого;

**Кабинетте окуу процессин камсыздоого керектүү жабдуулардын сактоо эрежелери:**

- Аспаптар,окуу куралдары гана шкафтарда, текчелерде сакталуусу керек.
- Биология кабинетинде көрүнөө жерде коопсуздук эрежесинин инструкциясы жана медициналык аптечка болуусу зарыл.
- Салмагы оор муляждар бийик коюлбашы керек.
- Гербарийлер ным болбой турган кургак жерде сакталышы керек.
- Спиртке,формалинге салынган нымдуу көрсөтмө куралдар сынбай тургандай жерде шкафтарда жабык сакталуусу керек.
- Практикалык иш учурунда нымдуу көрсөтмө куралдарды атайын аспаптар менен алуу керек.

Кабинет башчысы ________ М.А.Акинбекова.


Биология - тирүү организмдердин жана
өсүмдүктөрдүн тиричилиги жөнүндөгү илим